КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

“29” 07 2022-ж № 91

Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Кенешинин XXVIII чакырылышынын 13-сессиясынын

# ТОКТОМУ

## Айыл чарба багытындагы жер салыгынын ордун толуктоо үчүн Республикалык бюджеттен максаттуу трансферт аркылуу келген акча каражатын 2022 жылдын бюджетине кошумча пайдалануу жөнүндө.

Айыл чарба багытындагы жер салыгынын ордун толуктоо үчүн Республикалык бюджеттен максаттуу трансферт аркылуу келген 556500 сомду максаттуу түрдө пайдалануу максатында, айыл өкмөтүнүн бул маселе боюнча берген сунушун ар тараптан карап чыгып, талкуулап айылдык Кенештин 13-сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын жергиликтүү бюджетине Республикалык бюджеттен трансферт катары келип түшкөн 556500 сом акча каражаты төмөндөгү жумуштарга чыгымдалсын, Кыргыз Республикасынын каржы министирлигинин Жети - Өгүз райондук башкармалыгынын айыл өкмөтүнүн 2022 жылга бекитилген бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүгүн жогоруда көрсөтүлгөн 556500 сомго көбөйтүп берүү жагы суралсын ( сметасы тиркелет ) :

| № | Иш чаралар | Функционалдык классификация | Элемент | Сумма сом |
|---|---|---|---|---|
| 1 | “Нaристе”балдар бакча - сынын жылуулук системаларынын капиталдык ремонтун, от жагуучу жайын жана көмүр сактоочу кампасын куруу иштерин аягына чыгарууга кошумча акча каражаты | 70911 “Балд бакча” | 31112390 | 400,0 мин сом |
| 2 | Жалгыз - Өрүк айылындагы А.Рысмендеев мектебине кире бериш жерге танбур салууга | 70921 “Орто мектептер” | 31112390 | 94,0 мин сом |
| 3 | Айыл өкмөтүнүн аймагында ар кандай маданий массалык иш чараларды өткөрүүгө | 70823 “Маданият үйү” | 22154900 | 62,5 мин сом |
| Баардыгы : | | | | 556,5 мин сом |

2.Кызыл-Суу айыл аймагынын айыл өкммөтүнүн башчысы Т.Асаналиевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы К.Казыбекого акча каражатын максаттуу чыгымдоо жагы милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кенештин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Асаналиевге тапшырылсын.

Айылдык Кенешинин төрайымы: Г.Чыныбаева